Даминова И.

# САПАТТУУ САБАК ӨТҮҮДӨГҮ МУГАЛИМДИН ЖАНДУУ МАМИЛЕСИНИН ОРДУ

Даминова И.

# РОЛЬ ЖИВОГО ОТНОШЕНИЯ УЧИТЕЛЯ В ПРОВЕДЕНИИ КАЧЕСТВЕННОГО УРОКА

Daminova I.

# THE ROLE OF THE TEACHER’S LIVELY ATTITUDE IN CONDUCTING A QUALITY LESSON

УДК: 37.048

Бул сунуш кылган макалада сапаттуу сабак мугалимдин аракетинине, андагы мугалимдин окуучуга болгон мамилесине жараша болоору жонүндө сөз болду. Коомдо мамлекеттин өнүгүшү, экономикалык жактан кандай болушу, ошол мамлекеттин билим берүү сапатына түздөн –түз көз каранды болоорун турмуш тастыктап келе жатат. Билим берүүнүн сапаты учурда даярдалып жаткан педагогикалык адистерге, иштеп жаткан мугалимдерге таандык. Ийгиликтүү жана натыйжалуу педагогикалык мамиленин бирден – бир критерийи болуп жагымдуу психологиялык климат, инсандык мамилени түзө билүү болуп саналат. Гумандуу мугалим – бул балдарды сүйүү менен окутуп тарбиялоочу адам. Балдарга тандоону , сабакта эркин жүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мугалим менен окуучунун ортосунда өз ара түшүнүшүү, ишеним педагогикалык кызматташтык болот. Макалада окутуунун натыйжалуулугун жогорлатууда мугалимдин жандуу мамилесинин ролу көрсөтүлдү. Мугалимдин балдарды сүйүүсү, гумандуу мамилеси, башкаруунун демократиялык стилдерин колдонуусу жөнүндө берилет. Макалада коюлган маселе жалпы мугалимдик кесипте иштеп жаткан кесип ээлерине сунушталат.

Ачкыч сөздөр: мугалим, сабак, окутуу, билим берүү, тарбиялоо, педагогикалык кызматташтык, гумандуулук, баланы сүйүү, башкаруунун стилдери, мамиле.

В данной статье говорится, что качественный урок зависит от усилий учителя и его отношения к ученику. Единственным критерием успешного и действенного педагогического подхода является благоприятный психологический климат, умение формировать межличностные отношения. Взаимопонимание, доверие между учителем и учеником-это педагогическое сотрудничество. В статье показана роль отношения учителя в повышении эффективности обучения. Речь идет о любви учителя к детям, гуманном отношении, использовании демократических стилей управления. Задача, поставленная в статье, рекомендуется тем, кто работает в сфере общего образования.

Ключевые слова: учитель, урок, обучение, образование, воспитание, педагогическое сотрудничество, гуманность, любовь к ребенку, стили управления, отношение.

The article examines the place of the teacher's attitude to the lesson. The quality of education depends on the currently trained pedagogical specialists. The only criterion for a successful and effective pedagogical approach is a favorable psychological climate, the ability to form interpersonal relationships. Mutual understanding and trust between a teacher and a learner is a pedagogical cooperation. The article shows the significant role of the teacher's attitude in improving the effectiveness of learning. It is about the teacher's adore for children, humane relations, and the use of democratic management styles. The task set out in the article is recommended for those who work in the field of general education.

Key words: teacher, lesson, teaching, education, upbringing, pedagogical cooperation, humanity, love for the child, management styles, attitude

Кыргыз мамлекетинин приоритеттик багыттарынын бири – билим берүү системасы жана аны андан ары өнүктүрүү. Коомдо мамлекеттин өнүгүшү, экономикалык жактан кандай болушу, ошол мамлекеттин билим берүү сапатына түздөн –түз көз каранды болоорун турмуш тастыктап келе жатат. Билим берүүнүн сапаты учурда даярдалып жаткан педагогикалык адистерге, иштеп жаткан мугалимдерге таандык .

Белгилүү советтик гумандуу педагог В.А.Сухомлинский “Окутуу, үйрөтүү – бул билим берүүнүн механикалык түрү эмес, бул адамдардын бири-бирине болгон эн татаал мамилеси” – деп белгиленген.[ 3.48 ]

“Эмгек бар жерде жылыш бар, жылыш бар жерде ырыс бар” деген макал бар, бул калетсиз

чындык, анткени мугалим окуучуларды келечектеги турмушка даярдайт. Ошондон улам педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжалуу болушу түздөн-түз мугалимдин жылуу мамилесине жана маанайына жараша болот.

Өзгөчө азыркы демократиялык коом гумандуулукту жогору коюп жаткан учурда , мамилелешүүнүн ролу чоң . Мугалим окуучуларга мамиле жасоонун түрдүү стилин, жолдорун колдонуусу абзел.

Мугалимдин педагогикалык мамилеси, сөз жүзүндө жылуу маанайдагы таасир этүүсү – окутуу процессин жакшыртуунун бирден бир жолу болуп саналат. Анын педагогикалык системасынын структуралык компонеттерин бөлүп көрсөтүү, башкача айтканда педагогиканын таасирдик субъектиси, объектиси биргелешкен ишмердүүлүгү, окутуунун максаттары педагогикалык коммуникациялык каражаттары – булар окутуунун натыйжалуулугун жогорлатуунун бирден бир жолу катары каралат.

Бул маселе боюнча мугалимдин жандуу сөзүнүн, мамилесинин илимий объектиси катары караган айрым изилдөөчү окумуштуу педагогдордун изилдөө жана тажрыйбалары кызыктырды. Аларга Н.В.Кузьмина

Б.Ф.Ломов, Ф.Ф.Королев, М.А.Данилов, М.В.Мишкиндер педагогикадагы педагогикалык мамиленин окутуу жанатарбиялоо процессиндеги натыйжалуу жолу катары карашкандыгы белгилүү болду. Бирок ар кандай жагдайларга жараша педагогикалык мамиле өз нугунда колдонуунун эрежелери, талаптары ар башкача колдонула берет. Ошондуктан бул тема коомдук талаптарга жана турмуштук жагдайларга карап өзгөрүп тургандыгына байланыштуу тынымсыз изилденүүчү жана изилденип бүтө элек тема болуп саналат.[1 ]

Белгилүү советтик педагог А.С.Макаренко минтип жазат: “практикада, көпчүлүк мугалимдер сиздер катары эле мен үчүн да төмөнкүдөй “майда-чүйдө” көрүнгөн нерселер окуучулардын алдында кандайча туруу, кантип отуруу, качан үндү көтөрүү, жылмаюу, тиктөө кээде чечүүчү роль ойнойт. Бул нерселерге эч ким үйрөткөн эмес, бирок үйрөтүү зарыл жана үйрөнсө болот” деп баса белгилеген. [4.189 ]

Демек, балдар менен болгон өз ара педагогикалык мамиледе майда нерсе болгон: сүйлөгөнүң , караганың, каш – кирпигиңдин кыймылы, кол шилтегениң , баш ийкегениң , кыскасы баарынын өз кызматы бар. Себеби биз үчүн окуучулар менен жөн эле мамиледе эмес, адис катары мамилелеш болууга туура келет.

Мугалим менен окуучунун мамилеси илгертеден бери эле келип жеткен табылга катары эсептелет. Анткени педагогикалык мамилени сабакта жана андан сырткары мезгилде мугалим менен окуучунун ортосундагы профессионалдык мамиле катары кароого болот жана окутуу, тарбиялоо жараянын оптималдаштыруунун жолу катары каралат.

Ийгиликтүү жана натыйжалуу педагогикалык мамиленин бирден – бир критерийи болуп жагымдуу психологиялык климат , инсандык мамилени түзө билүү болуп саналат. Мугалимдин үзүрлүү эмгектениши үчүн адистигине жараша билим, билгичтик, көндүмдөн сырткары зарыл болгон айрым бир жеке адамдын өзүнө гана тиешелүү болгон психологиялык инсандык сапаттарына жана алардын маанилерин айтып өтсөк болот.

Эгерде мугалим окуучулар менен мамиле түзүүдө, мугалим катачылыктарды кетирсе, мугалим менен окуучунун ортосунда чоң дубал тосот б.а. түшүнбөстүктүн дубалы тургузулуп, баланын ички дүйнөсүнө кирүү кыйын болуп калат. Турмушта кээ бир адамдар өтө эле токтоо, оор мүнөздүү болуп тегерегиндегилер менен кыйла убакыттан кийин мамилелешсе, айрымдары башкалар менен тез эле тил табышып кетет. Булар адамдарга табийгатынан берилүүчү сапаттар болгону менен, мугалим үчүн чоң мааниге ээ жана аны илимде педагогикалык мамиле деп аташат жана аны туура колдонуу ар бир адистин иши катары кароого болот.

Гумандуулук – деген сөз латын тилинен которулуп бизче адамгерчиликтүүлүк деген маанини билдирет. Башкача айтканда адамга мээримдүү сылык көз караштa болуу менен кароо дегенди түшүндүрөт . Мугалим өзүнүн окутуу тарбиялоо ишинде окуучулар менен мамиле кылууда мына ушундай гумандуу сапаттарды өнүктүрүүсү зарыл. Орустун улуу жазуучусу Л.Н.Толстой педагогикалык кесиптен биринчи кезекте гумандуулукту көрүп ал балдарды сүйүүдөн тастыкталаарын далилдөө менен мындай дейт: “Эгерде мугалим өз ишин сүйсө анда ал жакшы мугалим, окуучу балдарды сүйсө андан да жакшы мугалим, эгер окуучусуна да болгон сүйүүсүн өз ишине бириктире алса, анда ал эң мыкты мугалим” деп баса белгилеген.[5.289 ]

Ошентип мугалимдин чыныгы чебери болуу, балдарга болгон сүйүүсү маанилүү ролду ойнойт жана зарыл. Тажрыйбалуу мугалимдердин бири “педагогикалык ишмердүүлүктө баарынан да эмне кымбат” деген суроого төмөнкүдөй жооп берет: “анткени баарынан да мага өсүп келе жаткан жаш

муундардын ишеничи, аны сыйлай билүүсү, ишеними , жаман көргөнүн да билдиргиси келбеген, өзүнө кымбат тарбиялануучуларынын асыл сапаттарын түбөлүккө эске сактай билүү жөндөмүнө ээ болгондугу үчүн кымбат. Баланын жүрөгү ар дайым ачык, умтулуусу, максаты таза, чоңдордун таасири менен гана чыныгы инсанга айланат.”

Чындыгында баланын тилеги жакшы, пейили ак, таза, аны дайыма периште колдоп жүрөт , ошондуктан кудай тилегин кабыл кылат деген сөз эл арасында көп айтылат. Кыргыздын чыгаан, наватор педагогу М.Байимбетов мындай дейт “Мугалимдик кесип пакизалыктын жана балдар алдында аброй жыйноонун кесиби” деп бекеринен айткан эмес.

Ал эми баланы сүйүү деген өзү эмне?

Баланы сүйүү көбүнесе анын жаш курак психологиясын түшүнүүдөн , балдар менен узак жана өз ара жакын туура мамиледен башталат. Мугалимдеги балдарга болгон сүйүү сезими калыптанышы үчүн канча убакыт талап кылынаарын тастыктоо мүмкүн эмес. Ата - эненин үлгүсү чоң мааниге ээ. Болочок мугалим өскөн үй-бүлөдө чоңдор менен балдар ортосундагы жагымдуу мамиле балдарды сүйө билүү сапатынын калыптанышына оң таасирин тийгизет. Ошондуктан көп балалуу үй-бүлөдө чонойгон бала туура тарбиячы боло алат, анкени үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине болгон, ата-энесине болгон мамилеси, келечектеги турмушунун негизин түзөт. Ушул таризде сурамжылоо жүргүзүп, окутуучу-мугалим адистигинде иштеп жаткан 100 педагогго сурамжылоо, анализ жүргүзүп көрдүк.

-Кандай үй-бүлөдө чоңойдунуз? Канча бир туугансыз? Жоопторунун көпчүлүгү көп бир тууганбыз деп жооп беришкен. 70% (6 бир туугандан жогору) 22% (3 бир туугандан жогору) 8% (жалгыз же 2 бир тууган). Демек, тыянагы балага болгон гумандуу мамиле, баланы сүйүү үй-бүлөдө калыптанат деп белгилөөгө болот. Көп балалуу үй бүлөнүн балдары мугалимдик кесипти тандайт деп айтууга болот. Анткени алар бир туугандык гумандуу мамилени үйдөн үйрөнүп чыгышат. Тарбиялоо жана окутуу процессинде, мугалим сабагында
гумандуулук эмне экенин өзү үлгү катары көрсөтүү керек.

Гумандуулук деген өзү эмне?

Гумандуулукту жалпы жөнүнөн адамды инсан катары сыйлоо, адамгерчилик деп которыйшат. Педагогикалык ишмердүүлүктө гумандуулук принциптерди даңазалагандардын бири болуп,
В.А.Сухомлинский эсептелет. Ал ар бир окуучунун кайталангыс жеке талантын таанып ача билүүнү жана алпештеп өстүрүүнү мугалимдик иштин негизи деп билген. “Наристеге ишене билүү – педагогикалык оптимизмдин фундаменти” деп жазган. [3.112]

Элестетеличи, отузга жакын кичинекей биринчи класстын окуучуларынын жарык маанай, наристе жүздөрү кандай адам болбосун жүрөгүн жылытпай койбойт. Балдардын көпчүлүгү күндү караган күн караманын гүлдөрү сымал аны бажырая тиктешет. Мындай шартта мугалим окуучулардын арасында ата- эненин аброюнан калышпаган сый – урматка ээ болот.

Ал эми кичинекей отуз наристенин ар биринен индивидуалдуулукту, коомдо орду бар инсанды көрүп, алардын өсүп – өнүгүүсүнө көмөк көрсөтө алаарын туйган мугалимдин классындагы кырдаал да, окутуу жараяны да өзгөчө болот. Балдардын ар биринин көз карашы, жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүн, маанайларын карап мугалим үнүн, көз карашын ылайыкташтырып мамиле жасоо талап кылынат.

Мезгил өткөн сайын ар бир мугалимде аздыр-көптүр тажрыйба топтолуп кээ бири тың чыкса айрымдарынын жүүнү бош экендиги байкалат. Турмушта моюнга ала турган бир нерсе, кенже класстар үчүн мугалимдин жогорку же атайын орто билимдүү экендиги анчалык чоң мааниге ээ эмес . Негизгиси – балдар жөнүндө эмне пикирде , кандай ички маанай менен класска кирет, максаты окуучулардын жөндөмүн өстүрүүгө жардам берүүбү же мектепке эптеп-септеп келип кетүүбү.

Ошондуктан адам баласынын табийгаты кандай экендиги жөнүндө терең ой жүгүртүп түшүнүү , аны күндөлүк педагогикалык ишмердүүлүгү менен тыгыз байланыштыруу мугалимдик кесип үчүн өтө маанилүү. Педагогикалык ишмердүүлүктүн жоопкерчиликтүүлүгү да , гумандуулук табияты да мына ушунда. Гумандуу мугалим – бул балдарды сүйүү менен окутуп тарбиялоочу адам. Балдарга тандоону, сабакта эркин жүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мугалим менен окуучунун ортосунда өз ара түшүнүшүү, ишеним педагогикалык кызматташтык болот. Мугалим ар бир баланы чыныгы инсан деп кабыл алуусу зарыл. Гумандуу педагогикада мугалимдер балдарга эркелетүү, жакшы көрүү, көңүл буруу жана талап кылуу менен кароого тийиш. Гумандуу чөйрө бул адамгерчиликтин кең пейилдиктин чөйрөсү. Ал эми мугалимдер чыныгы атуул жана инсан болуу менен баланы инсандык жакшы сапаттарга тарбиялоосу ар тараптан өнүктүрүүсү талап кылынат. Бул сапаттарга тарбиялоо үчүн мугалим башкаруунун туура стилдерин пайдалана билүү абзел.

Педагогикалык жетекчиликтин стилдерин өзүнчө карап көрөлү.Мугалим педагогикалык мамиле

процессинде окутуунун жана тарбия жараянында өзүнүн функционалдык жетекчилик милдеттерин аткарат.

Мугалимдин педагогикалык мамилесинен жана жетекчилигинен, анын стилдеринен окуу-тарбиясынын натыйжалуулугуна көз каранды. Педагогикалык жетекчиликтин стилдерин квалификациясы киргизилген жана азыркы күндө да колдонууга кабыл алышкан. 1.Авторитардык стиль. 2.Демократиялык стиль. 3.Көрүп, билип туруп жол берүү (попустительский).

Бул стилдердин мисалын көптөгөн адабий жана педагогикалык чыгармаларда жана турмушта тапсак болот. Г.Черных жана Я.Пентелеевдин, "Республика Шкид" повестинде – ар бир стилдеги педагогдорду жолуктурууга болот деп белгилейт.

Жогорку стилдерди өндүрүштүк жетекчиликке колдонулат деген пикир айтышат, бирок стилдерди педагогикалык мамиледе деле колдонууга туура келет. Бирок, жетекчиликтин педагогикалык стилдерин башка тармакка киргизсе туура болоор эле. Анткени алар да көпчүлүгү адамдар менен иштейт жана мамиле түзөт.

Курт Левин эксперименталдык изилдөөсүндө жогорку класстын окуууларынан бир нече топторду түзүп, аларга түрдүү стилде иштеген педагогдорду койгон. Бир нече убакыттан кийин алардын ордуларын алмаштырган. Ошентип ар бир топ түрдүү стилдердин таасири болгон жана бирдей кабыл алышкан, топтун жыйынтыгы талаптагыдай жыйынтык бере алган эмес.[2]

Ошентип, педагогикалык жетекчиликтин стилдеринин топтордогу инсандар аралык мамилелерге, чыгармачылыктын мотивине, эмгек натыйжаларына таасири аныктайт. Натыйжада, ар бир стилдин окуучуларына таасирин анализдөөгө болот.

-Авторитардык стиль- бул стиль катаал катуу тартипти жана башкарууну камтыйт. Авторитардык стилди колдонгон мугалим буйрукчулдук тон менен кайрылат, тез-тез окуучуларды жемелейт, эскертүүлөрдү берет. Ал топтун кээ бир мүчөлөрүн негизсиз эле мактоосу мүмкүн. Авторитардык стилдеги педагог тарбиялоочуларынын чыгармачылыгын, жаңы сунуштарын четке кагат жана өз башымчылык катары карайт, анын педагогдук бедели төмөндөп калгандай сезет. "Эгерде окуучу жаңыча жолду сунуш кылса, бул менин беделимин төмөндөшү, же ушул жолду мен алдынан көрө билбептирмин" – деп эсептейт авторитардык педагог. Авторитардык стилди кармаган педагог окуучуларда чыгармачылыкты, жаңылыкты, өз алдынчалыкты, коллективизм сезимдерди, көрө албайт. Бул стилде окуучуларда жетекчилик астында жагынуучулук, өз пикири жокчулук, кыңк этпей баш ийүүчүлүк сезимдерин пайда кылышы мүмкүн.

Демократиялык стиль- бул стилдин эффективдүүлүгүн окумуштуулар жана турмуш эчак эле далилденген. Окуучуларда өз жумуштарына болгон кызыгуу артты. Аларда берилген тапшырмаларды аткаруу ыкмалары, тапшырмаларды аткаруу сапаты жогорулады. Группалык биримдик, жалпы ийгиликке кубануу, сыймыктануу бири бирине жардамдашуу, жылуу мамиледе болуу пайда болду.

Демократиялык стилдин педагогикалык мамиледе актуалдуулугу далилденди. Окуучуларда окууга болгон кызыгуусу мектептеги же башка кыйынчылыктарга гана байланыштуу болбостон, окуучу менен окутуучунун ортосундагы мамилеге жараша болот. Ошентип, окуучу менен педагогдун ортосундагы мамиле аны педагог кантип алып барат жана окуучу кантип кабыл алынышында жатат. Мында мугалимдин пикиринин коллектив менен кошо ортого салынышы, окуучулардын активдүүлүгү өзгөчө сыйга арзып, жеке инсандардын аракеттери жана жөндөмдүүлүктөрү бааланат. Мындай мамиле күтүүнү негизги ыкмалары өтүнүч, кеңешүү, маалымат алмашуу эсептелет.Башкача айтканда мугалим бул стилди колдонууда аткарыла турган ишти окуучулардын ой – сунушун пландаштырылышы биргеликте аткарылышы эсептелет.

Башкача айтканда бул стилди колдонууда мугалим бардык ишти коллективдин же окуучулардын өзүнө коёт да окуучулардын арасынан лидерлердин пайда болушуна шарт түзөт. Демек окутуу ишинде башкаруунун демократиялык стилин педагогикалык мамилени туура пайдалануу учурда окутуу системасын алдыга жылдыруунун бирден бир натыйжалуу жолу катары жогору баалоого болот.

Адабияттар:


1. Бордовская Н.В.Реан А.А."Педагогика" - Москва .: 2000- 76б
2. Бекембай Апыш, Бабаев Д. "Педагогика"- Бишкек.: 2000- 98 б.
3. Сухомлинский В.А. "Мугалимге жүз насаат" - Фрунзе .:1976-48-112.
4. Макаренко А.С. "Педагогические сочинения" 7 том Москва.: 1998- 189.
5. Толстой Л.Н. "Педагогические сочинения" Москва .: 1989- 289-б.
6. Кут Билим газетасы Советбек Байгазыевдин "Гумандуу педагогика" боюнча материалдар" 2005. Апрель